**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

# ТОКТОМ № 18

21.02.2025-жыл Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын салык мезгилдеринде пайдалануу үчүн турак жай имараттары жана жайларына 2025-2027-жылдарга салык ставкаларын бектитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2025-жылды 12-февралындагы №37 "Кыргыз Республикасынын салык алуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу жөнүндө" №123 Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 4-пунктунун негизинде Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Салык Кодексинин айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу, 2025-жылды 12-февралындагы №37 "Кыргыз Республикасынын салык алуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын негизинде турак жай мүлк салыгын эсептөө жүргүзүү 8,5 сом болуп бекитилсин.

3.Үч-Дөбө-Алай айыл аймагында турак жай имараттары жана жайларынын жер салыктарын эсептөө үчүн К3-зоналдык коэффициенти 1 жана мүлк салыктарын эсептөө үчүн К3-зоналдык коэффициенти 1.0 болуп бекитилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

5. "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2 пунктунун 8 пунктчасына жана 39-берененин 5пунктуна ылайык Үч-Дөбө-Алай айылдык кеңешинин 2025-жылдын 29-январында кабыл алынган № 9 сандуу токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6.Токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, эконимика, салык жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

# ТОКТОМ № 19

21.02.2025-жыл Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын аксакалдар сотунун Регламентин бекитүү жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын аксакалдар сотунун төрагасы А.Абдылдааевдин 2025-жылдын 20-февралындагы №1 сандуу сунушун негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 17-декабрындагы №01-25/342 сандуу буйругу менен бекитилген аксакалдар сотунун Регламентин карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын аксакалдар сотунун Регламенти бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын аксакалдар сотунун төрагасы А.Абдылдаевге тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 20**

21.02.2025-жыл Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-февралындагы №40/2 сандуу сунушун кароо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу Чий-Талаа-Жерге-Тал айылдарын байланыштырган жолду ошол аймактын жолдорун караган жол эксплуатациялоо ишканасынын (ДЭП) карамагына(балансына) өткөрүп берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-февралындагы №40/2 сандуу сунушун карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу Чий-Талаа-Жерге-Тал айылдарын байланыштырган 3км жолду айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-февралындагы №40/2 сандуу сунушунун нгеизинде, ошол аймактын жолдорун караган жол эксплуатациялоо ишканасынын (ДЭП) карамагына(балансына) өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Чий-Талаа-Жерге-Тал айылдарын байланыштырган 3км жолду жол эксплуатациялоо ишканасынын (ДЭПтин) карамагына(балансына) өткөрүп берүү боюнча иш кагаздарын бүткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары Абжапар уулу Мирланга жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 21**

21.02.2025-жыл Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-февралындагы №40/1 сандуу сунушун кароо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу Ак-Босого айылы менен Чолок-Боз участкасын байланыштырган жолду ошол аймактын жолдорун караган жол эксплуатациялоо ишканасынын (ДЭП) карамагына(балансына) өткөрүп берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-февралындагы № 40/1 сандуу сунушун карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу Ак-Босого айылы менен Чолок-Боз участкасын байланыштырган 2км жолду айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 12-февралындагы №№ 40/1 сандуу сунушунун нгеизинде, ошол аймактын жолдорун караган жол эксплуатациялоо ишканасынын (ДЭП) карамагына(балансына) өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Ак-Босого айылы менен Чолок-Боз участкасын байланыштырган 2км жолду жол эксплуатациялоо ишканасынын (ДЭПтин) карамагына(балансына) өткөрүп берүү боюнча иш кагаздарын бүткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары Абжапар уулу Мирланга жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз IX сессиясы**

**ТОКТОМ № 22**

12.03.2025-жыл Сопу-Коргон айылы

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмүнүн сунуштама катын кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2025жылдын 4-мартындагы № 01-8/16 сандуу сунуштама катын карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Үч-Төбө жана К.Белекбаев атындагы Алай айыл өкмөттөрүнүн 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-апрелине чейинки мезгил аралыгында бюджеттин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын шайкештик аудитинин жыйынтыгынын негизинде айрым кемчиликтерге жол берилгендиги белгиленсин жана аудиттин жазма буйругунда көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу менен калыбына келтирүү чаралары көрүлсүн.

2.Сунуштама каттын негизине аудиттин жазма буйругунда көрсөтүлгөн кемчиликтерди мындан ары болтурбоону жана кетирген кемчиликтери үчүн жооптуу кызматкерлерге кызматтык чара көрүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге тапшырылсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсунаалы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз X сессиясы**

## ТОКТОМ №23

28.03.2025-жыл Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешин участкалык шайлоо комиссияларынын курамына талапкерлерди сунуштоо жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүнүндө” Мыйзамынын 5-главасынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин участкалык шайлоо комиссияларынын курамына талапкерлерди бекитүү максатында айыл аймагынын айылдарында өткөрүлгөн жарандардын жыйындарынын протоколдорун карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүнүндө” Мыйзамынын 5-главасынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин участкалык шайлоо комиссияларынын курамынын мөөнөтү бүтүп, башкадан курам түзүлүп жаткандыгына байланыштуу айыл аймагынын айылдарында өткөрүлгөн жарандардын жыйындардынын протоколдорунун негизинде, жаңыдан түзүлүп жаткан участкалык шайлоо комиссияларынын курамына сунушталган талапкерлер №5121, №5122, №5123,№5124, №5125, №5126, №5127, №5128, №5542 участкалар боюнча төмөндөгүдөй курамда бекитилсин жана Алай аймактык шайоо комиссиясына сунушталсын.

2.Участкалык шайлоо комиссиясына мүчөлүгнө талапкердин өздүк документтери Алай аймактык шайлоо комиссиясына өз мөөнөтүндө тапшырылсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү айылдык кеңештин этика,укук тартиби жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br>**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XI сессиясы**

**ТОКТОМ № 24**

2025-жылдын 8-апрели                                        Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 7-апрелиндеги № 80 сандуу сунушун кароо жөнүндө**

Сопу-Коргон айылындагы 1959-жылы бала бакча катары курулган, андан кийин китепкана катары пайдаланып келинген эски имаратты Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин 2017-жылдын 5-майындагы №155 сандуу корутундусунун негизинде бузууга макулдук берүү максатында Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 7-апрелиндеги №80 сандуу сунушун карап чыгып, талкуулап, Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1 Сопу-Коргон айылындагы 1959-жылы бала бакча катары курулган, андан кийин китепкана катары пайдаланып келинген эски имаратты Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин 2017-жылдын 5-майындагы №155 сандуу корутундусунун негизинде бузууга макулдук берилсин.

2. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүндө жогорудагы эски имараты бузуунун негизинде түшкөн эски курулуш материалдарын эсепке алуу боюнча атайын комиссия түзүлсүн жана бузуудан түшкөн курулуш материалдары боюнча жоопкерчилик комиссиянын курамына жүктөлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевге тапшырылсын.

7. Токтомду көзөмөлдөө жагы жер маселелери жана агрардык реформа боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага**                                        **Н.Турсуналы уулу**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы**

**ТОКТОМ №25**

2025-жылдын 25-апрели Сопу-Коргон айылы

**Жазгы талаа жумуштарына көрүлгөн даярдыктар жана жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштеринин жүрүшү жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү жазгы талаа жумуштарына көрүлгөн даярдыктар жана жашылдандыруу,көрктөндүрүү иштеринин жүрүшү жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевдин билдирүүсүн угуп,талкуулап Үч-Дөбө-Алай аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Үч-Төбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жазгы талаа жумуштарына көрүлгөн даярдыктары боюнча уюштуруу иштерин ыкчам жүргүзүү жагы айыл өкмөт башчысы М.Турганбаев тарабынан жетекчиликке алынсын

2.Айыл өкмөтү айыл аймагынын калкынын айдап себүү иштери башталганга чейин тез арада үрөн,күйүүчү май,айыл чарба техникалары жана айыл аймагын жашылдандыруу, көрктөндүрүү максатында көчөттөр менен камсыз кылуу боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевге милдеттендирилсин

3.Сугат иштери жүргүзүлгөнгө чейин арык суу каналдарды тазалоо,айылдарды жашылдандыруу,көрктөндүрүү үчүн көчөттөрдү отургузуу,айлана чөйрөнү тазалоо, ишембиликтерди уюштуруу мекеме жетекчилерге,мектеп директорлоруна, айыл өкмөтүнүн тиешелүү адистерине,айыл башчыларга милдеттендирилсин

4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

**Төрага:** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы**

**ТОКТОМ №26**

2025-жылдын 25-апрели Сопу-Коргон айылы

**Айыл өкмөтүнүн аймагында аз камсыз болгон үй бүлөлөрдү аныктоо,аларга даректүү колдоо көрсөтүү боюнча иш аракеттер жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин Социалдык саясат боюнча туруктуу комиссиясынын айыл өкмөтүнүн аз камсыз болгон үй бүлөлөргө,мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга көргөн камкордугу тууралуу маалыматын жана башчынын убактылуу милдетин аткаауучу Т.Д.Таевдин билдирүүсүн угуп,талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Айыл өкмөтүнүн калкты социалдык жактан коргоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштери канааттандырарлык деп белгиленсин.

2.Аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн так тизмесин түзүү, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жакындан жардам алуусуна өбөлгө түзүү жагы айыл өкмөтүнүн соцкызматкери Исакулова Наргизага милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы башчынын убактылуу милдетин аткауучу Т.Д.Таевге жүктөлсүн.

**Төрага:** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы**

# ТОКТОМ №27

2025-жылдын 25-апрели — Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-апрелиндеги №94 сандуу сунуш катын кароо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу айылдарда мал жандыктардын ылаңдарына каршы эмдөө жасап жана ветеринардык көзөмөл жүргүзүп келе жаткан жеке ветеринардык кызматкерлердин акы алып калкка кызмат көрсөтүү тарифин бекитүү максатында Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-апрелиндеги № 94 сандуу сунуш катын карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-апрелиндеги № 94 сандуу сунуш катынын негизинде Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу айылдарда мал жандыктардын ылаңдарына каршы эмдөө жасап жана ветеринардык көзөмөл жүргүзүп келе жаткан жеке ветеринардык кызматкерлердин акы алып калкка кызмат көрсөтүү тарифи төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитилсин:

Бодо малга: жылкы, уй, топозго -50сом
Жандыкка: кой, эчкиге-20сом

2. Жогорудагы тариф боюнча акы алып кызмат көрсөтүү жагы жеке ветеринардык кызматкерлерге эскертилип, тааныштырылсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө жагы башчынын убактылуу милдетин аткаруучу Т.Д.Таевге тапшырылсын.

**Төрага** — **Н.Турсуналы уулу**